**Мектептин миссиясы:** Окуучуларга үзгүлтүксүз билим берүү аркылуу, ата-энелер, коомчулук менен бирге тыгыз байланышта иштөө менен, азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү руханий дүйнөсү бай, элдик маданиятты сүйгөн ,жашоодо өз ордун таба билген, алган билимин турмушта, жашоодо туура пайдалана алган, ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо.

**1.8. Мектептин негизги максаттары.**

Мектептин негизги максаттары деп мамлекеттик билим берүү стандарттарын аткаруунун жана турмуштук компетенцияларына жетишүүнүн негизинде окуучулардын инсандык жалпы маданиятын калыптандыруу, кесиптик билим берүү программаларын аң-сезимдүүлүк менен тандоо жана андан ары өздөштүрүү үчүн негиз түзүү, жарандуулукка тарбиялоо, адамдын укуктары менен эркиндигин урматтоо, толеранттуу болуу, Мекенин, үй-бүлөсүн жана курчап турган айлана-чөйрөсүн, эмгекти сыйлоо, сергек жашоо адаттарын калыптандыруу эсептелет.

**1.9.** Мектеп адамдын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн окуучуларды окутууну жана тарбиялоону жүргүзүп, инсандын ден соолугун сактоону камсыздаган жана ар тараптан өнүгүүсүнө, анын ичинде өз алдынча жана кошумча билим алуу зарылчылыгын канааттандыруу боюнча дагы ылайыктуу шарттарды түзөт.

**1.10.**Мектеп мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жалпы башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнүн сапаты, билим берүү жана тарбиялоо процессин уюштурууда окуучулардын жашына жараша психологиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, шыктанууларына жана жөндөмдөрүнө колдонуучу тариздерин, усулдардын жана каражаттардын шайкештиги, алардын өмүрлөрүн жана ден соолуктарын коргоо ченемдери жана эрежелери боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жооп тартат.

*(КР Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июнундагы № 295 токтомунун редакциясына ылайык)*

**1.11.** Жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим берүү күндүзгү тариздe жүзөгө ашырылат. Окуучулардын физиологиялык жана психологиялык акыбалдарына байланыштуу жалпы билим берүү программалары үй-бүлөлүк жана жекече билим алуу тариздеринде өздөштүрүлүшү мүмкүн.

Мектептин баскычтарында негизги жалпы билим берүү программаларын ийгиликтүү өздөштүргөн окуучулар өз алдынча билим алуу таризин-экстернатты колдоно алышат. Күндүзгү-сырттан (кечки) билим алуу таризи мектептин 6-11-класстарына ишке ашырылышы мүмкүн.

**1.12.** Үй-бүлөлүк, жекече, күндүзгү-сырттан (кечки) билим алуу, экстернат же ар кандай тариздердин айкалышкан түрүндөгү жалпы билим берүү программаларынын өздөштүрүү шарты жана тартиби уюштуруучусу же уюштуруучулары (мындан ары - уюштуруучу) тарабынан мектептин уставында аныкталат жана окуучулардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) менен түзүлгөн келишимге ылайык жүзөгө ашырылат.

**1.13.** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген базистик окуу планына ылайык ыраатама менен окутулат.

**1.14.** Билим алуунун бардык тариздеринде конкреттүү негизги жалпы билим берүү программасынын чегинде бирдиктүү мамлекеттик билим берүү стандарты иштейт.